**КММАнын ректорунун**
**2022-жылдын 25-январындагы**
**№27 буйругуна тиркеме**

**КММАнын жатаканасынан турак жайды /керебет-орунду убактылуу жалдоо**
# КЕЛИШИМИ

Бишкек шаары "_____"_____________20___жыл.

КММАнын студенттик шаарчасы студенттик шаарчанын директору аркылуу, мындан ары "Жалдоого берүүчү" деп аталат, жана мындан ары " Жалдоочу " деп аталуучу ______________________________ ________________________________ төмөнкүлөр жөнүндө ушул Келишимди түзүштү.

**1. Келишимдин предмети**

1.1. Жалдоого берүүчү КММАнын ___________дареги боюнча жайгашкан №___ жатаканасынан №___ бөлмөсүнөн убактылуу жашоо үчүн Жалдоочуга керебет-орун берет.

1.2. Турак жай КММАда окугандыгына байланыштуу берилет.

1.3. Жашаган жери үстүбүздөгү жылга бекитилген прейскурантка ылайык төлөнөт.

**2. Тараптардын укуктары жана милдеттери**

2.1. *Жалдоого берүүчү төмөнкүлөргө укуктуу:*

- жашоо акысын өз убагында төлөөнү талап кылуу;
-"КММАнын жатаканасында убактылуу жашоо жана ички тартип эрежелерин" жана ушул Келишимдин шарттарын бузган учурларда бул Келишимди мөөнөтүнөн мурда бузууга;
-авариялык абал пайда болгон учурда же өндүрүштүк зарылдыктан улам (жатакананы оңдоо, реконструкциялоо же кайра уюштуруу ж.б.) жалдоого берүүчү жалдоочуну мөөнөтүнөн мурда чыгаруу же бош орун болсо башка бөлмөгө көчүрүү укугуна ээ.
-"КММАнын жатаканасында убактылуу жашоо жана ички тартип эрежелеринде"каралган башка укуктарга.

2.2. *Жалдоого берүүчү милдеттүү:*

-КММАнын жатаканасында тийиштүү эмеректер жана шейшептер менен жабдылган убактылуу жашоочу жай менен камсыздоого;
-санитардык-гигиеналык жана өрткө каршы коопсуздук талаптарына жооп берген жашоонун зарыл шарттарын камсыз кылууга;
-турак жай жайгашкан жатаканадагы жалпы мүлктү туура кармоого жана оңдоого катышууга;
-убактылуу жашаган жери боюнча убактылуу каттоону жүргүзүүгө көмөк көрсөтүүгө.

2.3. *Жалдоочу төмөнкүлөргө укуктуу:*

-жашоо үчүн турак жайды пайдаланууга;
-жатаканадагы жалпы мүлктү пайдаланууга;
-бул келишимди каалаган убакта токтотууга.
-"КММАнын жатаканасында убактылуу жашоо жана ички тартип эрежелеринде"каралган башка укуктарга.

2.2. *Жалдоочу милдеттүү:*

-турак жайды туура пайдаланууга жана тийиштүү абалда кармоого;
-жатакананын акысын убагында төлөөгө;
-"КММАнын жатаканасында убактылуу жашоо жана ички тартип эрежелерин" жана жатаканада жашоо маселелери боюнча КММАнын башка жергиликтүү актыларын так сактоого;
-убактылуу жашаган жери боюнча убактылуу каттоону белгиленген мөөнөттө жүргүзүүгө;

-КММАдан берилген мүлктүн сакталышын камсыз кылууга, ал эми бузулган, жоголгон учурда келтирилген зыяндын ордун толук көлөмдө толтурууга;

-1.1-пунктта көрсөтүлгөн жашоо мөөнөтү аяктагандан кийин, же 3-пунктта көрсөтүлгөн негиздер боюнча, ээлеп турган турак жайды эрежелерде каралган мөөнөттө бошотууга, ошондой эле мүлктү тиешелүү абалда тапшырууга;

-турак жайды, жабдуунун техникалык абалын карап чыгуу жана зарыл иштерди жүргүзүү жана "КММАнын жатаканасында убактылуу жашоо эрежелерин жана ички тартипти" талаптагыдай аткарууну көзөмөлдөө үчүн жалдоого берүүчүнүн өкүлүн каалаган убакта турак жайга тоскоолдуксуз киргизүүнү камсыз кылууга;

-турак жайдын же анда жайгашкан санитардык-техникалык жана башка жабдуулар жараксыз болгондо, аларды оңдоп-түзөө үчүн мүмкүн болгон чараларды көрүүгө жана зарыл болгон учурда алар жөнүндө жалдоого берүүчүгө билдирүүгө;

**3. Келишимди бузуу жана токтотуу**

3.1. Жалдоочу өз демилгеси боюнча бул келишимди каалаган убакта буза алат.

3.2. Жалдоого берүүчүнүн демилгеси боюнча бул келишимди мөөнөтүнөн мурда бузуу төмөнкү учурларда жүргүзүлөт:

-турак жайды туура эмес максатта пайдалануу

- жалдоочу жашоо акысын төлөбөсө;

-"КММАнын жатаканасында убактылуу жашоо жана ички тартип эрежелерин"бузууда.

3.3. Бул Келишим төмөнкүлөргө байланыштуу токтотулат:

-Келишимдин 1.1-пунктунда көрсөтүлгөн мөөнөтүнүн аякташы;

-КММАдан окуудан чыгарылгандыгына жана окууну аяктагандыгына байланыштуу;

- Келишимди 3.2, 3.3-пункттар боюнча бузуу менен.

3.4. Бул Келишим бузулган же токтотулган учурда жалдоочу турак жайды бошотууга тийиш.

**4. Жатаканадагы турак жайды/ керебет-орунду пайдалангандыгы үчүн акы төлөө**

4.1. Жалдоочу жатаканада жашоо акысын өз убагында _________________________________ сом өлчөмүндө төлөйт.

4.2. КММАнын жатаканасында жашоо үчүн төлөм ай сайын өткөн айдан кийинки айдын бешинчи күнүнө чейин төлөнөт. Жалдоочу жашоо акысын бир нече айга, бирок семестрден ашык эмес төлөөгө укуктуу.

4.3. Жашоо үчүн баалардын Прейскуранты жогорулаган учурда, жалдоочу баштапкы төлөм менен жаңы чегерилген жашоо наркынын ортосундагы айырманы жатакананын коменданты кабарлаган күндөн тартып 10 күндүк мөөнөттө төлөөгө милдеттенет.

4.4. Жалдоочунун демилгеси менен чыгарылган учурда кайра эсептөө жана жашоо үчүн төлөнгөн акыны кайтарып берүү КММАдан алган мүлктү тапшырган күндөн тартып ишке ашырылат.

4.5. Жалдоочу тарабынан ушул Келишимдин шарттары жана "КММАнын жатаканасында убактылуу жашоо жана ички тартип эрежелери" бузулган учурда жашоо акысы кайтарылып берилбейт.

**5. Кошумча шарттар**

5.1. Жалдоочунун жеке буюмдарынын, документтеринин, акчаларынын жана зер буюмдарынын коопсуздугу үчүн жалдоого берүүчү жоопкерчилик тартпайт.

5.2. Ушул Келишим боюнча же ага байланыштуу тараптардын ортосунда келип чыккан бардык талаш-тартыштар же пикир келишпестиктер тараптардын ортосунда сүйлөшүүлөр жолу менен чечилет.

5.3. Пикир келишпестиктерди сүйлөшүү жолу менен чечүү мүмкүн болбогон учурда талаш-тартыштар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте чечилет.

5.4. Бул Келишим кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

5.5. Келишим эки нускада түзүлгөн, алардын бири Жалдоого берүүчүдө, экинчиси Жалдоочуда болот.

**Тараптардын колу:**

**Жалдоого берүүчү**
Студенттик шаарчанын директору

Аты-жөнү____________________________
Колу ________________________________
МО

**Жалдоочу**
Аты –жөнү _____________________________

колу____________________________________
Паспорт_______________№__________________